| 15 | Артыкова Гулмирахон Сабиржановна | Дворник.тех. пер |
| 16 | Кадиров Жабарали Сапаралиевич | сторож |
| 17 | Кадирова Эхтибархан | сторож |
| 18 | Камбаров Инабидин Булатбаевич | Качегар |
| 19 | Саримсакова Умидахон Тешебаевна | повор |
| 20 | Баратова Нилюфар | Кух. раб |
| 21 | Олжаева Гулзифа | Кух. раб повор тех. раб |
| 22 | Артыков Салыжон Тешебаевич | качегар |
| 23 | Хамдамов Раимжан Мухамович | качегар |

Мектептин иштерин жөнгө салууга багытталган методикалык иштер мектеп жетекчилиги тарабынан уюштурулат. Жаңы окуу программаларын үйрөнүү үчүн мугалимдер өз билимин өркүндөтүү боюнча курстарга, семинарларга катышышат.

Мектепте окутуунун интерактивдүү усулдарын, тестирлөө ыкмалары, билимди текшерүүнүн баллдык системасы жөнүндө мугалимдер арасында семинарлар өткөрүлүп, өз практикаларында колдонуп келишүүдө.

Ар бир предметтен жумалыктар, ачык сааттар, класстан тышкаркы иштер жыл ичинде пландаштырылып өтүлөт.

Жаш мугалимдер менен иштөө колго алынып, тажрыйбалуу мугалимдер Мирхакимова Эхтибархон, Парманова Махфуза, Хаджимирзаева Р. насаатчылык иштерди жүргүзүп, жаш мугалимдерге жакындан усулдук жардамдарды көрсөтүшөт. Башталгыч класс мугалимдери Бекмурзаева Ранохон, Мирзакулова Шахнозахон иш тажрыйбалары жайылтылган.

2019-2020-окуу жылында пандемия учурунда аралыктан окутууга байланыштуу мугалимдер тарабынан 150 видео сабактар жасалды.

•

## • Соц.педагогдун ишмердүүлүгү

Мектеп окуучуларынын социалдык абалын аныктоо жана аларга жакындан колдоо көрсөтүү максатында 1 соц.педагог өз ишмердүүлүктөрүн жүргүзөт.

Алардын негизги максаты мектеп окуучуларынын арасында социалдык муктаждыкка ээ, тарбиясы оор болгон окуучуларга керектүү жардамдарды көрсөтүү.

Мүмкүнчүлүккө жараша жыл сайын турмуш шарты оор, тоголок жетим, аз камсыз болгон үй-бүлөдөгү балдарга ата-энелердин жана демөөрчүлөрдүн колдоосу менен жардамдарды берүүгө аракеттенебиз. Ошондой эле алар окуу китептери менен толук камсыздалат. (Социалдык жактан кемчил балдардын тизмелери тиркемеде тиркелген).

## 1. Тарбиялык иштердин уюштурулушу

Мектепте тарбиялык иштер дагы жогору деңгээлде жүргүзүлөт. Тарбиялык пландар жыл башында бекитилип, анын негизинде иш жүргүзүлөт.

2020-2021-окуу жылынын башталышынан бери төмөнкүдөй иш чаралар өткөрүлдү:

01.09.2020-ж. Кырдаалга байланыштуу ZOOM аркылуу биринчи коңгуроо линейкасы өткөрүлдү.

01.09.2020-ж. Билим күнүнө карата класс жетекчилер  класстык сааттар өтүштү.

09.09.2020-ж. "Мектеп баары үчүн" жалпы ата-энелер чогулушу өткөрүлдү.

15.09.2020-ж. "Менин үй бүлөм-менин Мекеним" деген темада адабий  кече өткөрүлдү.

16.09.2020-ж. "Кутурма оорусу айыкпайт, бирок алдын алууга болот" айлыгы өткөрүлдү.

18.09.2020-ж. ЖЖӨИ инспектору менен жолугушуу өткөрүлдү.

22.09.2020-ж. "Кыргыз тили кылымдарды карыткан, Эч ким аны өчүрө албайт тарыхтан"  эссе жазуу, көркөм окуу.

02.10.2020-ж. "Мугалим-мөмөлүү дарак", " Мугалимге таазим" онлайн концерттик программа өткөрүлдү.

07.10.2020-ж. "Алтын күз" деген темада эң мыкты сүрөттөр.

13.10.2020-ж. "Таажы вирусунан сактан!" айлыгы өткөрүлдү.

23.10.2020-ж. " Атан барда эл тааны, атын барда жер тааны" деген диспут өткөрүлдү.

04.11.2020-ж. "Балдар укугунун конвенциясы" онлайн тегерек стол

18.11.2020-ж. "Берекелүү алтын күз" деген темада конкурс өткөрүлдү.

01.12.2020-ж. "СПИДге каршы күрөшөбүз", бир айлыкта семинар сабактар өткөрүлүп, плакаттар чыгарылды.

11.12.2020-ж. Заманыбыздын залкар жазуучусу Чыңгыз Айтматовдун туулган күнүнө карата адабий кече.

25.12.2020-ж. "Келсин жаны жылым келсин!" ар бир класста тарбиялык сааттар өтүлдү.

11.01.2021-ж. "Кыргызстан балдарынын достугу" семинар сабак өткөрүлдү.

25.01.2021-ж."Сенин укуктарын" балдар ЖЖОИ менен биргеликте диспут өткөрүлдү.

26.01.2021-ж "Зордук зомбулуксуз 16 күн" деген темада тегерек стол өткөрүлдү.

27.01.2021-ж. "Сибирь жарасы" лекция окулду.

29.01.2021-ж. "Аракечтик улутту жок кылат" 9-11-класстар ортосунда сахналык көрүнүштөр коюлду.

02.02.2021-ж. Суицидге каршы "Жашоо бир келет" деген темада ата-энелер, мугалимдер, окуучулар, дин кызматкерлери менен биргеликте семинар сабак болду.

16.02.2021-ж. "Мекенди коргоочулар" күнүнө карата 8-11-класстар арасында "Көңүлдүү жигиттер" конкурсу өткөрүлдү.

Ар түрдүү иш чараларды өткөрүү менен окуучулар арасында кылмыштуулуктун жана тартип бузуулардын алдын алуу, окууга келбей калган окуучулар менен иштөөдө ЖЖОИ , соцтармактын адистери менен тыгыз иш алып барылууда.

Жаш жеткинчектерди сабакка, көркөм китептерди окууга кызыктыруу, ата-эне менен мектептин байланышын күчөтүү максатында " Келгиле окуйбуз" долбоору боюнча тынымсыз иштерди жүргүзүлөт. Башталгыч класс мугалимдери ата-энелердин катышуусу менен "Бирге окуйбуз" сынактарын өткөрүшүп жатышат.Ошондой эле "Энелер мектебин" жандандырып, класс жетекчилер ата-энелер менен тынымсыз иш алып барышууда. Мектепте инновациялык "Сынчыл ойлом стратегиясы", "Инсерт", "Класстер стратегиясы", "Венндин диаграммасы" усулдарын пайдалануу менен сабак өтүшөт.

Мектепте окуучулардын дүйнөгө болгон көз карашын калыптандыруу, көркөм чыгармачылыктарын өнүктүрүү, эмгекке тарбиялоо, ден-соолуктарын чыңдоо максатында төмөндөгүдөй ийримдер иштейт.

"Жаш химиктер" ийриминин максаты окуучулардын билимин байытуу, чыгармачылыктарын өнүктүрүү менен эмгекке тарбиялоо (жетекчиси Абжапарова Нигора).

Окуучулардын ден-соолугун чыңдоо, сергектикке тарбиялоодо футбол, волейбол оюндары боюнча жаш спортчу ийрими иштейт (жетекчиси Мамадалиев Ф)

Мектептин материалдык—техникалык базасын чыңдоо үчүн алдыбызга чоң максаттар коюлган. Мектеп жетекчилиги жана мугалимдер жамааты жаш муундарды тарбиялоодо жана билим берүүдө өз билимдерин тынымсыз өркүндөтүп, заман талабына жараша мугалим болууга аракеттенип жатышат. Мектепти аккредитациялоодон өткөрүү боюнча бекитилген иш пландар аткарылууда жана уюштуруу иштери жүргүзүлүүдө.

## Мектептин жакынкы үч жылга түзүлгөн өнүгүү программасы

## 1-стратегиялык максат:

Окуучулардын жеке өзгөчөлүктөрүн таанып билүүнүн негизинде, жөндөмдүү балдарды өстүрүү жана инсандык өнүгүүнү, сапаттуу билим берүүнү шарттаган маданий, адептик, билим берүүчүлүк чөйрөнү түзүү.

| № | Жетишүүнүн көрсөткүчтөрү | 2020-2021 | 2021-2022 | 2022-2023 |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Ар бир окуучунун мүмкүнчүлүктөрү, өнүгүүсү диагностикаланат жана өсүү динамикасына байкоо жүргүзүлөт. | ✓ | ✓ | ✓ |
| 2 | Өзгөчө зээндүү, жөндөмдүү балдарды таанып билүүгө, алар менен иштөөгө тиешелүү шарттар түзүлөт | ✓ | ✓ | ✓ |
| 3 | Окутуп үйрөтүүнүн дифференциалдуу жана жекече мамилеси ишке ашырылат | ✓ | ✓ | ✓ |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 4 | Мектеп шартында ар бир окуучунун жеке кызыгуусу жана билимге умтулуу мотивациясы колдоого алынат | ✓ | ✓ | ✓ |
| 5 | Окуучуларда үзгүлтүксүз билим алууга муктаждык калыптандырылат, ишмердүүлүк чөйрөсүндө чыгармачылык менен эмгектенүүгө даярдык көрүлөт | ✓ | ✓ | ✓ |
| 6 | Маалыматтык-компьютердик технологияларды жана ресурстук маалыматтык чөйрөнү колдонуу менен окуучулардын проекттик ишмердүүлүгү калыптанат | ✓ | ✓ | ✓ |

## 2-стратегиялык максат:

№3 Р.Алибаев атындагы жалпы билим берүүчү орто мектебинин мазмунун мамлекеттик билим берүү стандартына ылайыкташтыруу, алдыңкы инновациялык тажрыйбаларды киргизүү менен билим берүү сапатын жогорулатуу.

| № | Жетишүүнүн индикаторлору | 2020-2021 | 2021-2022 | 2022-2023 |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Окутулган предметтери мамлекеттик билим берүү стандартына дал келтирилет, темалар иретке келтирилет, теориялык-практикалык көндүмдөр жогорулайт | ✓ | ✓ | ✓ |
| 2 | Мектептин материалдык техникалык базасы билим берүү процессинин учурдагы уюштуруу талаптарына дал келтирилет. | ✓ | ✓ | ✓ |
| 3 | Педагогикалык кадрлар өстүрүлөт жана өнүктүрүлөт, жөндөмдүү балдар менен иштөө илимий методикалык жактан камсыздалат | ✓ | ✓ | ✓ |

## Өзүн-өзү баалоо комиссиясынын сунушу:

1. Мектептин өзүн-өзү баалоо комиссиясы №3 Р.Алибаев атындагы жалпы билим берүүчү орто мектебинин окуу усулдук ишмердигин, материалдык-техникалык базасын, кадрдык потенциялын , окуучулардын сабакка катышуусун жана билим сапатын комплекстүү анализдеп чыгып, жыйынтыгын канаттандыраарлык деп тапты. Таланттуу балдар менен үзгүлтүксүз иш алып баруу, окуучуларды ЖРТга, предметтик олимпиадаларга жана “Алтын

тамга” жетилүү аттестатына ылайык окутуп тарбиялоодо жөндөмдүү окуучулар менен математика, кыргыз тили, орус тили, химия,биология сабактары боюнча жогорку деңгээлде иш алып баруу жагы мугалимдер жамаатына сунушталды.

2. ЖОЖдордун бүтүрүүчүлөрүн мугалимдик кесипке кызыктырып, сапаттуу даярдалса.
3. Жаш кадрларды мектепте туруктуу иштеп калышына шарттар түзүлсө, депозит төлөө ишке ашса.
4. Айыл жериндеги мугалимдерге жеңилдиктер каралса: отун, электр энергиясына төлөө, жер үлүштөрдү, участканы кезексиз берсе.
5. Жогорку окуу жайдын бүтүрүүчүлөрүн мектепке туруктуу иштеп калышына шарттар түзүлсө, аларга стимул боло турган шарттар иштелип чыкса.
6. Пенсия жашындагы мугалимдерге пенсияны көбөйтүп төлөө, сааттарын чектөө.
7. Пед.кенже тейлөөчү, окутуучу-көмөкчү персоналдарга жеңилдиктерди берүү.
8. Мектепке мамлекет тарабынан бюджеттен ремонт үчүн финансы бөлүштүрүүдө окуучулардын санына эмес мектептин кубатурасына жараша бөлүнсө.
9. Материалдык базаны чыңдоого лабораториялык жабдуулар, технологиялык каражаттар менен камсыздалса.
10. Мугалимдерге коммуналдык чыгымдар төлөнүп берилсе.
11. Айыл өкмөттүн бюджетинен мектептерге канцелярдык жана чарба иштерине финансы бөлүнсө.
12. Окуу усулдук ишмердүүлүктү өркүндөтүүдө ар бир предметти окуутуда кошумча усулдук адабияттар колдонмолор чыгарылса.
13. Окуу кабинеттери заманбап технологиялар менен (компьютер, интерактивдүү доска, проектор, телевизор) ишке ашырылса.
14. Чет тили, орус тили сабактарынан акы төлөнүүчү ийримдерди ачып берсе.

## Өзүн – өзү баалоодо окуу ишмердүүлүгүнүн күчтүү жетишкен жактары.

1. Мектепке усулдук бирикмеге 4 секция кирет. Өз убагында усулдук иштер жакшы деңгээлде, насаатчылар бекитилген, кеңешмелер ачык сабактар, усулдук жаңылыктар менен тааныштырылат. Ар бир мугалимде өз билимин өркундөтүү портфолиосу бар. Райондук семинарларга, педкеңешмелерге активдүү катышабыз.

2. Масы айыл өкмөтү ,демөөрчүлөр, ата-энелер тарабынан мектептин материалдык-техникалык базасы өнүктүрүлөт.

3. Кадрдык потенциал талапка ылайык. Ар бир предмет боюнча жогорку билимдүү, өз адистиги менен 95 % иштешет. Жетишпеген кадр акыркы 5 жылда болгон жок. Пед.кадрлардын 90 % ти жогорку билимдүү.

4. Окуучулардын сабакка катышуусу күндө орточо 93 – 95 % ти түзөт. Себепсиз калуу, окубай жүргөн окуучу жок. Күн сайын ар бир класстын катышуу % ти дежур мугалим тарабынан чыгарылып директор орунбасарларына берилет жана чаралар көрүлөт. Билим сапат боюнча ЖРТ дан эң жогорку балл 2018 – 2019 – окуу жылында 162 балл, 2019 – 2020 – окуу жылында 152 баллды түздү. Олимпиададан областтык турга акыркы 5 жылда окуучу катышпады. Таланттуу окуучулар менен иштөөдө математика, кыргыз адабиятынан “Манас таануу” боюнча, райондук деңгээлге катышып келишет. Предметтик кружоктор, кошумча ийримдер иштейт.

5. Мектеп администрациясы мектеп ичиндеги милдеттердин туура бөлүштүргөндүгүндө. (директордун окуу-тарбия иштери боюнча орун басары, директордун уюштуруу иштери

боюнча орун басары, соцпедагог, усулдук бирикменин башчылары, чарба иштери боюнча директордун орун басары).
6. КР Билим Берүү мыйзамы жана Эмгек кодексине шайкеш келген эмкек келишимдеринин негизинде иш алып баруусу.
7. Билим берүү уюмунун кызматкерлеринин ишмердигин баалоо критерийлери
8. Окуучулардын өзүн-өзү башкаруу түзүмүнүн иштери системага салынган (Мектеп парламенти).
9. Мектепте түштөн кийинки учурда окуучулардын кызыкчылыгына, кесипке багыттоо максатында уюштурулган ар кандай кружоктор өзүнүн ишмердүүлүгүн жүргүзөт.
10. Мектепке усулдук бирикмеге 4 секция кирет. Өз убагында усулдук иштер жакшы деңгээлде, насаатчылар бекитилген, кеңешмелер ачык сабактар, усулдук жаңылыктар менен тааныштырылат. Ар бир мугалимде өз билимин өркүндөтүү портфолиосу бар. Райондук семинарларга, педкеңешмелерге активдүү катышабыз.
11. Мектеп интернет тармагына туташкан.
12. Мугалимдердин негизги бөлүгү тажрыйбалуу жана жогорку билимдүү, өз ишин мыкты билген, чеберчилик, изденүү менен иштеген эмгек жамааты топтолгон.

Күчтүү, жогорку билимдүү педагогикалык 26 мугалим бар.Педстажы-

45 жылдан ашык-1

40 жылдан ашык-3

30 жылдан ашкан-6

Административдик персоналдар туура тандалган .

15. Педагогдорду жумушка алууда жана бошотууда эч кандай мыйзам бузуучулук акыркы 5 жылда болгон жок.

16. Штаттар комплектелиши жетиштүү.

Педагогикалык персоналдар курстан өтүп турушат. Ар бир предмет боюнча билими жетиштүү, программага шайкеш сабак берет.

17. Билим берүү процессинин катышуучулары 3 тараптуу келишим бир жылга түзүлүп иштешет. Жөнөкөй мугалим жана пенсионер мугалимге талап бирдей.

18. Персоналдардын ишин баалоо, түзүлгөн комиссия тарабынан бааланып, квартал сайын стимул берилет. Билим берүү министрлигине чейин сыйлыктарга көрсөтүлөт.

19. АБР жана Мерсико тарабынан өткөрүлгөн семинар, окуу-тренингдерге мугалимдер байма-бай катышышат.

20. Мугалимдер билимин жогорулатуу үчүн курстардан өтүшкөн.

21. Техникалык каражаттар менен мугалимдердин 70% колдоно алышат.

22. Мектепте усулдук иштер жакшы деңгээлде, насаатчылар бекитилген, кеңешмелер, ачык саатгар өз убагында өтүлүп турат.

23. Материалдык-техникалык базасынын чыңдалышы.

24. Мугалимдерге жана окуучуларга шарттардын түзүлүшү жана материалдык – техникалык базанын болушу.

25. Заманбап технологиялардын жардамы менен сабак өтө алышы.

26. Окуучулар үчүн ысык тамак уюштурулган.

27. Мектепте компьютердик класс бар жана wi-fi түйүнүнө туташкан.

28. Коопсуздукту камсыздоо үчүн 24 жерде видеокөзөмөл уюштурулган.

29. Окуу кабинеттери толук талапка жооп берет.

30.Экологиялык санитардык гигиеналык эрежелер сакталып, кол жуучу жайлар уюштурулуп, ысык суу чыгарылган.

31. Коопсуздукка каршы бардык шарттар каралган, эвакуациялык пландар түзүлгөн.
32. Финансылык пландоо билим берүү уюмунда чектелүү

33. Кошумча ресурстарды демөөрчүлөр,Ата-энелер тарабынан тартуу ишке ашат.Бөлүштүрүү, ачык-айкын отчёттуулук кесиптик уюмун текшерүү комиссиясы, ата-энелер тарабынан жүргүзүлөт.

34. Финансы русурстарын жакшыртуу боюнча жетекчи пландуу иш алып барат. Айыл өкмөт, коомчулук, көз карандысыз уюмдар менен иштөөгө аракеттер жасалат.

35. Демөөрүлүк гана мектепке жардам берет.

36. Финансы мамлекеттик бюджеттен ремонтко, жергиликтүү бюджеттен (1-4-класстарга) ысык тамакка, канцтоварга бөлүнөт.

37. Айыл өкмөт материалдык жардам берет.

38. Мерсико эл аралык фонду менен иш алып барылат.

## Мектептин ишмердүүлүктөрүн өзүн – өзү баалоодо алсыз жактарын белгиледи.

1. Окуу – усулдук ишмердүүлүктү өркүндөтүүдө ар бир предметти окутууда кошумча жаңы чыккан усулдук адабияттар, колдонмолор менен аз камсыздалган.
2. Материалдык – техникалык базаны көбөйтүү, байытуу керек. Мектепте жаңы маркадагы компьютерлер жок, интерактивдүү доска жок, заманбап технологиялар жок. Химия, физика, биология, технология сабактарын өтүүдө, лабораториялык-практикалык иштерге колдонуучу приборлор жокко эсе. Чет тили сабагы боюнча лингафондук кабинет жок.
3. Кадрлардын билимин өркүндөтүү боюнча курстардан өтүү начар, мугалимдик кесипке сапаттуу кадрлар даярдалбай жатат.
4. Олимпиадага республикага,областка чыккан окуучу жок. Акыркы 5 жылда “Алтын сертификат” алган окуучу жок.
5. Окуу китептери толук жетишпейт, программага дал келбейт.
6. Окуучулардын билим алууга, билимдерин тереңдетүүчү мотивациянын начардыгы.
7. Мигрант ата-энелердин балдарынынын билим сапатына көзөмөлдүн жоктугу, түзүлгөн шарттын начардыгы.

8. Кошумча акы төлөнүүчү предметтик ийримдердин жоктугу.
9. Компьютердик кабинеттин жетишсиздиги.

10. Кенже тейлөөчү персоналдарга жумуштун көлөмү көп, айлыгы аз төлөнөт.

11. Кээде керектүү штаттар кыскарат жаңы программаны өздөштүрүүдө пед.персоналдардын билими шайкеш келбей калат

12. . Персоналдардын ишин баалоо механизми бир гана стимулга бөлүнөт. Алардын ден- соолугуна, жашоо шартына көңүл буруу начар. Мугалимдерге коммуналдык чыгымдар төлөнбөйт.

13. Жаш мугалимдерди кызыктыруучу стимулдардын жоктугу.

14. Мектеп капиталдык ремонтко муктаж

15. Мектептин шкафтары, эшиктери,полу жана электр линияларынын эскилиги жеткен, алмаштырууга муктаж.

16. Окуучулардын чыныгы санына китепкана фондунун жана компьютердик класстар жетишсиз.

17. Класстарда парта, стол эмеректери жетиштүү эмес.

18. Лабораториялар заманбап көргөзмө куралдар, реактивдер, жабдуулар менен камсыздалган эмес.

19. Имараттын аянты чоң, ремонтко финансы аз бөлүнөт.

## 8. Билим берүү программасынын окуу китептери жана окуу методикалык колдонмолор менен камсыз болушу жөнүндө маалымат.

**Китепкана:**

Китепкана окуу корпусунун I кабаттында жайгашкан. Жалпы китеп фонду – 11149. Китепканачы Сарикова Гулноза Азаматовна - түзүлгөн пландын негизинде ар кандай иш-чараларды уюштуруп, китеп фондун өстүрүү боюнча иш жүргүзүп, китептердин туура колдонулушуна, тазалыгына көзөмөл жүргүзүп, мектепке алынган жана жоголгон китептердин эсебин жүргүзүп актыларын жазат.

### Мектеп китепканасынын ишине анализ

| № | Аталышы | Класстары | 2016-2017 | 2017-2018 | 2018-2019 | 2019-2020 | 2020-2021 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Китеп менен камсыз болуусу | 1-кл | 59,5% | 59,6% | 60,2% | 73,92% | 74,1% |
| 2 | | 2-кл | 67,1% | 64,6% | 64,4% | 94,51% | 94,75% |
| 3 | | 3-кл | 86,7% | 92,7% | 72,7% | 96,15% | 92,50% |
| 4 | | 4-кл | 92,6% | 96% | 96% | 85,85% | 86,5% |
| 5 | | 5-кл | 51,3% | 85% | 85% | 97,41% | 94,92% |
| 6 | | 6-кл | 59,6% | 66,2% | 62,2% | 99,7% | 99,7% |
| 7 | | 7-кл | 76,9% | 61,7% | 61,7% | 81,4% | 81,4% |
| 8 | | 8-кл | 83,7% | 99,1% | 100% | 100% | 100% |
| 9 | | 9-кл | 76,8% | 75,5% | 80% | 80% | 89,58% |
| 10 | | 10-кл | 60,1% | 100% | 100% | 100% | 100% |
| 11 | | 11-кл | 65,9% | 95% | 95% | 100% | 100% |
| | Жыйынтык | Мектеп боюнча | 67,9% | 76,7% | 78% | 78,11% | 78,13% |

## Окуу программасынын окуу куралдары жана усулдук материалдар менен камсыздалуусу жөнүндөгү маалымат.

| Индикаторлордун аталышы | Билим берүү (мекемеси)% | | |
|---|---|---|---|
| Окуу китептери менен камсыздалышы | 78,13% | | |
| Кыргыз тилинде окутулган класстардын окуу китептери менен камсыздалышы | 78,13% | | |
| Орус тилинде окутулган класстардын окуу китептери менен камсыздалышы окуу китептери менен камсыздалышы | - | | |
| Башка тилдерде окутулган класстардын окуу китептери менен камсыз болушу | - | | |
| Окуу китептери менен камсыздалышы төмөн болгон предметтер (предметтин аталышы) | 1-4 | 5-9 | 10-11 |
| | ТТКН-10%<br>Математика-53,85%<br>Адабий окуу-62,5% | Русское слово-51,28%<br>Физика-54,05%<br>Биология-67,86%<br>Химия-24,32% | Англис тили-37,04% |

## Китепкананын фондун толуктоо динамикасы төмөндөгүдөй:

| **Аталышы** | **2016-2017-окуу жылы** | **2017-2018-окуу жылы** | **2018-2019-окуу жылы** | **2019-2020-окуу жылы** | **2020-2021-окуу жылы** |
|---|---|---|---|---|---|
| Окуу китептери | 6643 | 7865 | 8719 | 10914 | 11149 |
| Өзбек тилиндеги окуу китептери | 181 | 251 | 281 | 316 | 311 |
| Орус тилиндеги окуу китептери | 325 | 260 | 290 | 325 | 330 |
| Методикалык колдонмо | 642 | 684 | 740 | 929 | 929 |
| Көркөм адабият | 2571 | 2575 | 2575 | 2575 | 2575 |
| Жалпы фонд | 10365 | 11635 | 12605 | 15059 | 15294 |

## 9. Билим берүү мекемесинин материалдык-техникалык базасы жөнүндө маалымат

| **№** | **Кабинеттердин аталышы** | **саны** | | |
|---|---|---|---|---|
| 1 | **Окуу кааналары:** | | | |
| | Кыргыз тили жана адабияты | 2 | | |
| | Русский язык и литература | 2 | | |
| | Математика | 1 | | |
| | Информатика | 1 | | |
| | физика | 1 | | |
| | география | - | | |
| | Химия, биология | 1 | | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | Тарых | 1 | | |
| | Англис тили | 1 | | |
| | Башталгыч класстар кааналары | 8 | | |
| | АЧД | - | | |
| | Музыка | - | | |
| | **Баары:** | **18** | | |
| 2 | **Административдик кааналар:** | | | |
| | Директордун каанасы | 1 | | |
| | Окуу тарбия иштери боюнча директордун орун басарынын каанасы | 1 | | |
| | Тарбия иштери боюнча директордун орун басарынын каанасы | 1 | | |
| | Соц. педагогтун каанасы | 1 | | |
| | Метод бирикмелеринин каанасы | 1 | | |
| | Профсоюз бирикмесинин каанасы | 1 | | |
| | **Баары:** | **6** | | |
| 3 | **Китепкана:** | | | |
| | Китеп сактоочу каана | 1 | | |
| | Архив | 1 | | |
| | Окуу залы | 1 | | |
| | **Баары:** | **3** | | |
| 4 | **Атайын кааналар(лабораториялар):** | | | |
| | Химия лабораториясы | 1 | | |
| | Физика лабораториясы | 1 | | |
| | **Баары:** | **2** | | |
| 5 | **Спорттук машыгуучу жайлар:** | | | |
| | Спорт аянтчасы (волейбол, баскетбол, футбол...) | 1 | | |
| | **Баары:** | **1** | | |
| 6 | **Ашкана типтүү:** | | | |
| | Тамактануучу зал | 1 | | 60орун |
| | Тамак даярдоочу каана | 1 | | |
| | Кампа | 1 | | |
| | **Баары:** | **3** | | |
| 7 | **Жыйындар залы:** | **-** | | |
| **8** | **Жылытуу системасы:** | Көмүр жана электр м-н жылытылат. | | |
| **9** | **Мектеп имаратынын абалы:** | жакшы | | |
| **10** | **Өрт өчүрүү кызматынын текшерүсүнүн корутундусу:** | Мектеп өрткө каршы инвентарлар менен камсыздалган | | |
| **11** | **Капиталдык ремонттолушу:** | Капиталдык ремонттон өтө элек | | |
| **12** | **Техникалык каражаттар:** | | | |

| **№** | **Ресурстар** | **саны** | **эскертүү** |
|---|---|---|---|
| 1 | Интернет байланыш | 1 | |
| 2 | Видео көзөмөл | 24 | |
| 3 | Интерактивдүү доска | - | |
| 4 | Проектор | 1 | |
| 5 | Компьютер | 21 | 2 иштебейт |
| 6 | Телевизор | 14 | |

|  |  |  |  |
|---|---|---|---|
| 7 | DVD | - |  |
| 8 | Принтер | 2 |  |
| 9 | Күчөткүч | - |  |
| 10 | Колонка | - |  |
| 11 | Микрофон | - |  |
| 12 | Микрофон кармап туруучу түркүк | - |  |

## 10. Окуучулар үчүн сунушталган кошумча шарттар

| № | Ишмердүүлүк | Саны | Катышкан окуучулардын % |
|---|---|---|---|
| 1 | Спорттук секциялар | 1 | 20% |
| 2 | Окуучулардын жеке кызыкчылыктарына карап (Жаш химиктер) | 1 | 10% |

## 11. Ата-энелердин билим берүү процесиине катышуусу

(Ата-энелер билим берүүнүн деңгээли менен канчалык канааттанган)

| № | Билим берүү мекемесинин (мектептин) иши менен сиз канчалык канааттандырылгансыз? | Жалпы сурамжылоого катышкан | Сурамжылоонун жыйынтыгын орточо мааниси |
|---|---|---|---|
| 1 | Эң жакшы | 40 |  |
| 2 | Жакшы | 30 |  |
| 3 | Канааттандырарлык | 30 |  |
| 4 | Канааттандырарлык эмес | - |  |

| № | Билим берүү мекемесинин иши менен сиз канчалык канааттангансыз, төмөнкү пункттар боюнча | Орточо балл (1-5 шкала) |
|---|---|---|
| 1 | Окутуу чөйрөсүнүн ыңгайлуулугу | 4 |
| 2 | Билим берүүнүн сапаты | 4 |
| 3 | Мугалимдердин кесипкөйлүгү (квалификациясы) | 4 |
| 4 | Окуучулардын өзүн алып жүрүүсү жана тартиби | 3 |
| 5 | Жалпы окуучулардын билим берүү процессине тартылуу деңгээли | 4 |
| 6 | Мугалимдердин тарабынан көрсөтүлүп жаткан кошумча кызматтардын деңгээли | 4 |
| 7 | Окутуунун шарттары (мектеп имараты, бөлмөлөр, тамак-аш, ж.б) | 4 |

## 1. Методикалык иштердин уюштурулушу

№31 Р.Алибаев атындагы жалпы билим берүүчү орто мектебинде төрт усулдук бирикме иштейт. Усул бирикмелердин жылдык, айлык пландары бекитилген. Пландын негизинде УБ ачык сааттарды системалуу өткөрүп турат. Мектептин өнүгүшүндө негизги ролду сабактар, мугалимдердин кесиптик чеберчилиги жана окуу методикалык камсыздоо аткарат. Ошондуктан методикалык кызматтын ишине мектептин администрациясы өзгөчө маани берет. Метод бирикме жетекчилер тарабынан жаш мугалимдер үчүн, предметтик мугалимдер үчүн, ар чейрек

сайын семинарлар, окуулар, методикалык күндөр өткөрүлүп турат. Ошол эле учурда предметтердин сапаттуу окутулушун көзөмөлгө алышат.

Текшерүү иштерин алуу аркылуу предметтик мугалимдердин деңгээли иштөө системасы аркылуу анализденет.

Азыркы учурда репродуктивдүү окутуудан алыстап, чыгармачылыкка, изденүүчүлүккө, багыттап окутууга басым коюлуп жаткан учур. Ошондуктан проекттик метод, интерактивдүү окутуу, сынчыл ойлом, дифференцияалдуу окутуу, интеграциялап окутуу, компотенттуу окутуу жана башка технологиялар, усулдар мугалимдердин ишмердүүлугүндө натыйжалуу колдонулууда.

Окутуунун сапаттуулугун билим сапатынын көрсөткүчтөрүнөн, олимпиадалардын жыйынтыгынан, бүтүрүүчүлөрдүн жайгашуусунан көрүүгө болот.

Предметтик мугалимдердин ар биринин педагогикалык проблемалары аныкталып, иш этаптары такталган, өзүн-өзү өнүктүрүү максатында мугалимдердин портфолиолору бар. Методикалык иштерди туура уюштуруу үчүн мугалимдерге тестирлөө жүргүзүлуп, диагностикалык карталар жасалган.

Мугалимдерди курстан өткөрүү картасы түзүлгөн жана анын негизинде мугалимдер жогорулатуу курстарынан өткөрүлүп турат. Мугалимдердин квалификациясын жогорулатуу курстарынан беш жылдык перспективалык пландын негизинде жүргузүлөт. Ошондой эле кыска мөөнөттүү семинар, тренингдерден (3,5 күндүк) мугалимдер зарылдыкка жараша өткөрүлөт.

## Усулдук бирикмелердин ишмердүүлүгү

Мектепте 4 усулдук бирикме иштейт. Усулдук иштер атайын “Усулдук кеңеш жөнүндө” жана усулдук бирикмелер жөнүндө жобонун негизинде жүргүзүлөт.

| № | Мугалимдин аты-жөнү | Предмети | Усулдук бирикме |
|---|---|---|---|
| 1 | Абдулажанова Манзурахон | Орус тили жан адабияты | Тил усулдук бирикмеси |
| 2 | Шерматова Мохинсахон | Математика | Так илимдер бирикмеси |
| 3 | Орозбаева Зумрадхон | Башталгыч класстар | Башталгыч класстар |
| 4 | Хаджимурзаева Яркиной | тарих | Социалдык жана ден- соолук маданияты |

Жогорудагы усулдук бирикмелер ар турдүү практикалык, методикалык инновацияларды пайдалануу менен иш алып барышат.

Ар бир усулдук бирикменин иш пландары түзүлүп, төмөнкүдөй багыттарда иш алып барылат:

2. Мамлекеттик стандартты аткаруу
3. Предмет боюнча жаңылануу
4. Олипиадалык топтор менен иш жүргүзүү
5. Квалификацияны көтөрүү
6. Конкурстарга катышуу
7. Мектеп документтеринин ишин алып баруу

8. Сабактарда инновациялык усулдарды колдонуу
9. Өз ара усул алмашуу
10. Жаш мугалимдер менен иш алып баруу ж.б.

Мектеп өзүнүн  окутуу, тарбиялоо ишмердүүлүгүн өзүнүн уставындагы талаптарга ылайыкталып түзүлгөн жылдык пландардын негизинде жүргүзөт.
Жылдык план төмөнкү бөлүмдөрдү камтыйт.

1. Өткөн окуу жылындагы  окуу-тарбия иштерине анализ жана учурдагы окуу жылынын милдеттери:
2. Окуу-тарбия иштерин уюштуруу
3. Окуу-тарбия иштерине көзөмөл жана жетектөө
4. Тарбия иштерин уюштуруу
5. Мектептин материалдык-техникалык базасын чыңдоо.
6. Класстан тышкаркы иштер

Окуу жылынын аягында жыл сайын, мыкты иштеген мугалимдер, окууда ийгиликтерге жетишкен окуучулар, айыл өкмөтү тарабынан “Ардак грамоталар”, акчалай сыйлыктар менен сыйланышат.

**№3 Райишбек Алибаев атындагы жалпы билим берүүчү орто мектебинин   5 жыл аралыгында тарбия иштери боюнча аткарылган иштеринин анализи.**

**2014-2015-окуу жылынын**

1-сентябрь «Билим күнү» өз деңгээлинде коноктордун, ата-энелердин катышуусунда өткөрүлдү. «Сапаттуу билим мамлекеттин тиреги» деген темада тарбиялык сааттар өтүлдү. 23-сентябрь «Кыргыз тили» күнүнө карата«Элди түбөлүк эл кылып турган –анын тили» деген темада жумалык өткөрүлдү. Мугалимдер жана карыялар күнүнө карата «Устатымдын устаты», «Карысы бардын, ырысы бар» деген темада иш чаралар түзүлүп, өтөрүлдү.

Ноябрь айында «Насвай менен ден соолук бири-бирине дал келбейт.» деген темада 9-10-11-класстар арасында диспут өтүлдү. «СПИДке каршы күрөшүү»күнүнө карата Камбарова З.И жана Каххарова Гулмира эжекелер тарабынан окуучулар арасында семинар тренинг өтүлдү. 26-27-декабрда «Балаты майрамы» өткөрүлдү. Январь айында 6-7-класстар арасында «Кышкы кыймылдуу» оюндар өтүлдү. 23-февраль «Ата Мекенди коргоо» күнүнө карата 9-10-11-класстар арасында кароо сынак уюштурулуп, өрт коопсуздугу боюнча өзгөчө кырдаал кызматкерлери тарабынан окуучулар менен биргеликте машыгуулар өтүлдү .

“Атам ,апам жана мен- спорттук үй -бүлө “ аттуу конкурсунда райондо Азизовдор үй бүлөсү 1-орунду, областтык турүндө байгелүү 5- орунду ээлешти.

8- март “Эл аралык аялдар күнүнө” карата “Апам жана мен” аттуу конкурста Масы зонасында уюштурулган кароо сынакка мектептин музыка мугалими Хурбаева Х.А кызы 10-класс окуучусу Пратова Мафтуна катышып 1-орунду ээледи.

21-март “ Нооруз” майрамына карата уюштурулган конкурста райондо 1-орунга ээ болду.

Масы зонасында уюштурулган “Жаш инспекеторлор” конкурсунда 8-9-класс окуучуларынын түзүлгөн «Бонд» командасы 2- орунду ээледи.

“Баланын тарбиясына үй- бүлө жана коомдун таасири” аттуу темада конференция өткөрүлду.Анда Масы айыл өкмөтүнүн адиси, айылдык кеңеш депутаттары,имамдар,ата-энелер, мектеп администрациясы ,мугалимдер, окуучулар катышышты.

Жыл ичинде төрт жолу «Манас», «Семетей», «Сейтек» уюмдарына кабыл алуу сбору жана ата-энелер чогулушу өткөрүлдү. Жыл ичинде «Кылмыштуулуктун алдын алуу» боюнча иш чаралар жүргүзүлдү. Жыл ичинде окуучулар арасында одоно тартип бузган окуучулар катталган жок.Андан тышкары жыл ичинде класс жетекчилер үчүн 4 жолу метод кеңешме,4 жолу ата - энелер чогулуштары уюштурулуп өтүлдү. 24 саат ачык тарбиялык сааттар жана андан сырткары класстан тышкаркы иш чаралар өтүлдү. Мектеп ичинде «Достук» лагери 8-июндан 19-июнга чейин эки агым менен уюштурулду.

**2015-2016-окуу жылынын** 1-сентябрь «Билим күнү» белгиленип, биринчи тарбиялык саат «Менин Мекеним- Кыргызстан» деген темада тарбиялык сааттар өтүлдү. 23-сентябрь Кыргыз тили майрамына карата « Кыргыз тили улуу тил,улуу тилде сүйлөй бил » деген темада сармерден уюштурулуп, ачык тарбиялык сааттар өтүлдү. 18-сентябрда жалпы ата-энелер чогулушу өткөрүлүп,мектеп, ата-эне, окуучу ортосунда келишим кабыл алынды. «Мугалим мөмөлүү дарак» жана карыялар күнүнө карата иш чаралар түзүлүп аткарылды. «Тимурчулар» тобу айылдагы карыяларды куттукташты. Районо тарабынан берилген буйруктардын

негизинде, КР эл акыны Анатай Өмүркановдун 70 жылдык, кыргыздын улуу инсаны Алымбек Асан бий уулунун 215 жылдык маарекесине карата иш чара түзүлүп өткөрүлдү. «Хизбут-Тахрир диний экстремизм», «Жугуштуу оорулар», «Кылмыштуулуктун алдын алуу», «Суицид» боюнча иш чаралар түзүлүп аткарылды. Кыргыз ССРинин эл ырчысы Мыскал Өмүркановани 100 жылдык маарекесине карата эскерүү кечеси уюштурулуп, чыгармачылыгы боюнча доклад окулду. «Күзгү балл» конкурсуна 9-10-11-класстар катышып, «Күз перилери» командасы жеңишке жетти. «Биз СПИДке каршыбыз!» деген ураан астында бир айлык иш чарада семинарлар, ачык тарбиялык сааттар, класстан тышкаркы иштер өткөрүлдүдү. 10-декабрь" Бүткүл дүйнөлүк адам укугун коргоо күнүнө " карата «Мен жана менин укугум» сүрөт конкурсу, «Мыйзам жана балдар» деген темада ИДН кызматкери, укук мугалими Ходжимирзаева Ё биргеликте окуучулар арасында түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү. «Чыгыштын чыгааны, Кыргыз генийи, алп адам, улуу жазуучу Ч.Айтматовдун» жаркын элесине карата 7-8-9-класстар ортосунда "Билерман ордо" интелектуалдык оюнун Алимжан кызы Айганыш өткөрдү. 26-27-28-декабрда «Балаты майрамы» уюштурулду. Өзгөчө кырдаалдар, жол эрежелери боюнча бардык класстарда коопсуздук эрежеси уюштурулган. «Эч ким, эч качан ,эч нерсе унутулбайт» деген темада 8-9-класстарда иш чара түзүлүп өткөрүлдү.

30.04.2016 күнү 2016- жыл Президентибиз Атамбаев Алмазбек Шаршенович тарабынан "Тарых жана маданият" жылы деп жарыя кылгандыгына байланыштуу мектепте "Менин Мекеним Кыргызстан" аттуу элдер достугу фестивал уюштурулуп өткөрүлдү.Фестивалга:1.Ноокен Рай БББ жетектөөчү адиси Усенов З.К., Ноокен райондук комитетинин укук жана эмгек боюнча тескөөчүсү Айдаров А.Ч., Ноокен райондук маданият бөлүмүнүн башчысы Акрамова К.Ш.,Ноокен жаңырыгы гезитинин редактору Райимбекова Б., Масы айылдык кеңештин 6 депутаты.Масы айыл өкмөтүндөгү мектептин жана балдар бакчаларынын директорлору,мектеп ата-энелер комитетинин төрагасы Абдуллаев М.,Ата-энелер комитетинин мүчөлөрү,мектептин ардагер мугалимдери, 150 ата-энелер,мектепти мурда бүткөн бүтүрүүчүлөрү катышкан.

Жугуштуу оорулардын алдын алуу максатында 5-класстар ортосунда апрель айында «Дени сак улут-бай улут» аттуу таймаш өткөрүлдү. «Жусуп Баласагындын 1000 жылдык » маарекесине жана «1916-жылдагы каргашалуу окуянын 100 жылдыгына» карата апрель айында иш чара түзүлүп, өткөрүлдү. «Жаш инспектор» конкурсу мектепте уюштурулуп өткөрүлдү. 26 саат ачык тарбиялык сааттар жана класстан тышкаркы иш чаралар өтүлдү. Мектептеги күндүзгү лагерде 55 окуучу, Арсланбоб лагеринде эки окуучу эс алышты. Жыл ичинде одоно тартип бузган, кылмыштуулук жасаган окуучулар болгон жок. Мектеп ичинде «Достук» лагери 8-июндан 19-июнга чейин эки агым менен уюштурулду.

Жыл ичинде төрт жолу «Манас», «Семетей», «Сейтек» уюмдарына кабыл алуу сбору жана ата-энелер чогулушу өткөрүлдү. Жыл ичинде «Кылмыштуулуктун алдын алуу» боюнча иш чаралар жүргүзүлдү. Жыл ичинде окуучулар арасында одоно тартип бузган окуучулар катталган жок.

**2016-2017-окуу жылынын** Билим күнүндө "Салтанаттуу линейка" өткөрүлүп, биринчи тарбиялык саат «Тарых жана маданият» жылына арналды. Кыргыз тил майрамына карата «Тил өмүрү- эл өмүрү»деген темада концерттик программа, Мамлекеттик тилдин 27- жылдыгына карата «Рухий дөөлөт-ынтымактын өбөлгөсү » жумалыгы уюштурулуп өткөрүлдү. Жумалыкта «Эне тилин билбеген ,элин сүйүп жарытпайт» жана «Көөнөрбөс эне тилим ,көчпөс

дилим » аттуу темадагы ачык тарбиялык сааттар. 9-10-11-класстар арасында «Ырдайлы кыргыз ырларын» аттуу кароо сынак өткөрүлдү. Карыялар жана мугалимдер күнүнө карата иш чаралар өткөрүлдү.
22-октябрь күнү «Диний экстремизм жана терроризм» боюнча 8-11-класстар арасында диспут өткөрүлдү. Октябрь айында ИДН тескөөчүсү Шамиева Нургул менен биргеликте «Кылмыштуулук жана жаза» деген темада окуучулар арасында түшүндүрүү иштери алып барылды.
Окуучуларды ар түрдүү кырсыктардан сактоо максатында Ноокен районунун өрт коопсуздугунун начальниги ага лейтенанты Мусаев Манас жана Розубаевдер менен бирдикте машыгуулар өткөрүлдү.
Класс жетекчилер үчүн 4 жолу семинар ,4 ффжолу метод кеңешме өткөрүлдү.
Окуучулар арасында” СПИДке каршы күрөшүү күнүнө” карата “Отказаться можно только один раз-первый.Умей сказать “НЕТ”!”деген темада форум театр өткөрүлдү.

«Илим , техника жана өндүрүш »жумалыгына карата 11.02 күнү физика мугалими Маруфов О. тарабынан бүтүрүүчү 9 жана 11- класс окуучуларын өнөр –жай ишканаларына экскурсияга алып барып келди. Өнөр жай ишканасы менен окуучулар жакындан таанышышты.

15.02.17 Мектеп жана борбордук библиотека кызматкерлери менен бирдикте 15-февраль Ооган согушунун катышуучуларына арналган “Ооган оопасы эстен кетпейт” деп аталган музыкалык адабий кече уюштурулуп өткөрүлдү.

22.02.17 күнү 9-11 класс окуучуларынын арасында «Тамашоу» конкурс уюштурулду,конкурска №2 С.Ногоева мектебинин “Пазитив” командасы дагы катышышты. Жалпы конурска 40 окуучу катышты.

21.01.17 күнү «Мектеп парламентине шайлоо» уюштурулду. Шайлоо өткөрүү үчүн план түзүлдү .Шайлоо 21.01.17 күнү саат 11:00 дө башталып саат 14:00 дө аяктады .Шайлоого кошуну №2,№7,№29 мектептерден келген делегаттар катышты. Ошол күнү байкоочулар жана БШК мүчөлөрү шайлоонун натыйжасын чыгарышты.Өз убагында протоколдор жазылды.
27.02.17 күнү мектептин “ЭКБОМ” (Эң Күчтүү, Билимдүү Окуучулар Мамлекети) депутаттарынын салтанаттуу убада берүү салтанаты мугалимдер жана окуучулар астында өткөрүлдү. “ЭКБОМ”депутаттары үчүн даярдалган төш белгиси мектеп администрациясы тарабынан тапшырылды.

5-11-класстын ата-энелери үчүн «Активдүү ата-энелер- ийгиликтүү балдар» деген темада семинар өткөрүлдү .Бул семинар 21.01.17күнү 1-4-класс ата-энелерине, 3.02.17 күнү 5-8-класс ата-энелерине, 17.02.17 күнү 9-11-класс ата-энелерине уюштурулуп өткөрүлдү. Семинарга жалпы 72 ата-энелер катышышты. Көрүлгөн маселелер :

- 1.Окуучуларга үй тапшырма аткарууну уюштуруу.
- 2.Окуучуларды окуу куралдар менен камсыз кылуу.
- 3.Окуучуларга тил үйрөнүү боюнча тилдик чөйрө түзүү.
- 4.Окуучунун күнүмдүк күн тартибин түзүү.
- 5. Окуучунун сөз байлыгын кеңейтүүдө, китеп жана газета журналдардын ролу.

6. Уюлдук телефондордогу “Синий кит”,”Разбуди меня 4:20”, “Тихий дом” оюндары боюнча коюлган маселелер талкууланды.

8.04.2016 күнү Ноокен районундагы чын ден соолук адистери: Кабыланова Гульсара, Маматкулова Гульмира тарабынан «Эхинакоккоздон кантип сактануу керек?» деген темада семинар өткөрүлдү. Семинарга 195 окуучу катышты. Анын ичинен уул балдар- 100, кыздар-95.Окуучулар тарабынан берилген суроолорго толук жооптор берилди. 28 саат ачык тарбиялык сааттар жана класстан тышкаркы иш чаралар өтүлдү.

2017- жыл «Ыйман, адеп жана маданият» жылына карата Жалал-Абад облусу Ноокен районуна караштуу № 3 Р.Алибаев атындагы орто мектебинде 25.04.17-жыл күнү «Менин Мекеним- Кыргызстан! » деп аталган элдер достугу фестивалы болуп өттү. Фестивалга Ноокен райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы, аким Маматаев Эркинбек Садырбекович, социалдык маселелер боюнча орунбасары Бекжигитова Нурила Алимжановна,Маданият бөлүмүнүн башчысы Акрамова К.Ш, райондук билим берүү бөлүмүнүн башчысынын орун басары Каримова А , усулдук борбордун жетекчиси Садиров К ,усулчулар, Райондук музейдин башчысы Исаков А ,райондук ишкана мекемелердин жетекчилери,айылдык кеңештин депутаттары, Мектеп жана балдар бакчалардын директорлору ,ата-энелер,окуучулар жалпысы 500 адам катышты. Бул фестивалга 185 окуучу катышып, Кыргызстанда жашаган 15 улуттун , дүйнөлүк улуттардан 3 улуттун каада- салтын жана үрп – адатын көрсөтүштү.Окуучулар өзгөчө ар бир улуттун улуттук кийимдерин кийип, улуттук бийлерин бийлешти. Ар бир улуттун кийимдерин тиктирүүдө ата-энелердин салымы чоң. Фестивалда Кыргыз, өзбек, орус, украин, тажик,арап , бразилиялыктардын чыгыштары бардык көрүүчүлөрдүн алкышына ээ болушту.

2017- жыл” Ыйман, адеп жана маданият жылына” карата Ноокен жергесинде жайгашкан тарых музейине окуучуларыбыз 1-4-кл,5-7-кл, 8-11-кл 3 жолу барып келишти. Окуучулар тырыхый экспанаттар менен таанышышты.

«Тарых жана маданият» жылында көрктөндүрүү жана жашылдандыруу боюнча иш чаралар аткарылды.Мектеп участкаларын класстарга бөлүп берилди жана иштин жүрүшүн уюштуруучу жана класс жетекчилер тарабынан көзөмөлдөп турулду.Мектептин ички арыктарын класстарга бөлүп берилди жана тазалоо иштери уюштурулду.Мектептеги дарактарды тех персоналдар тарабынан аактөө иштери аткарылды.Ар бир участкаларга бир жылдык гүл көчөттөрү эгилди.8-«Б» класс участкасына 25 түп гилас көчөттөрү отургузулду.Мектеп тегерегине 100 даана терек көчөттөрү отургузулду.Бир жылдык гүл көчөттөрү 15 балонго отургузулду.Мектеп тегерегиндеги куруп калган дарактардын дөңгөлөктөрү чыгарылды.Спорт майданчасы жаңы мектепке жакын жерге көчүрүлдү жана жаңы стандарттык эмес спорт эмеректери менен толукталды.Эски спорт аянтчасынын ордуна алма бак жаратылды жана ал жерге 36 түп көчөт отургузулду.Мусорлор топтолуп, өз убагында алдырылып турулду.В.И.Лениндин эстелиги калыбына келтирилди.Эгилген гүл жана башка көчөттөрдүн көгөрүшү үчүн шарт түзүлдү жана жоопкерлер бекитилди.Мектептеги теректер , дарактар ремонт кылдырылды.Мектеп ичин тазалоо иштери тез-тез уюштурулуп өткөрүлдү.

Жыл ичинде төрт жолу «Манас», «Семетей», «Сейтек» уюмдарына кабыл алуу сбору жана ата-энелер чогулушу өткөрүлдү. Жыл ичинде «Кылмыштуулуктун алдын алуу» боюнча иш чаралар жүргүзүлдү. Жыл ичинде окуучулар арасында одоно тартип бузган окуучулар катталган жок.

**2017-2018-окуу жылынын** 1-сентябрда «Билим күнү» нө карата өткөрүлгөн салтанаттуу линейка эрте мененки саат 9:00 дө башталды.Салтанаттуу линейкага Ноокен райондук мамлекеттик администрациясынын өкүлү Кыргыз телеком акционердик коомунун инженери Курбанкулов Умиджон, Масы айыл өкмөтүнүн башчысынын орунбасары милдетин аткаруучусу Моминов Рашидбек, Ноокен рай ИИБнүн Масы айылы боюнча ага инспектору милициянын ага лейтенанты Жолдошев Темирбек, Ноокен рай ИИБнүн патрулдук милиция кызматкерлери Шекербеков Б., Жоробаев Б., ата-энелер

комитетинин төрагасы, ардагер мугалимдерден Карабаев К., Акбаров Т. агайлар жана ата-энелер катышышты.Салтанаттуу линейка саат 10:00дө аяктады. Бардык класс окуучулары “Ыйман, адеп жана маданият жылы” на карата уюштурулган тарбиялык сааттарга катышышты.

* Мектепте 8-11 – класстын уул балдары үчүн чогулуш уюштурулду. Чогулушка милициянын лейтенанты Кимсанов Нуртилек Жаныбаевич, мектеп директору П.М. Саримсаков, уюштуруучу Камбарова З.И жана соц педагог Абдуллаева М.М катышышты. Чогулуш 5-7-класстар үчүн дагы уюштурулуп өткөрүлдү. Төмөнкү күн тартибине коюлган маселелер .Мектеп ичинде коомдук тартип, Жолдо жүрүүнүн эрежелери жөнүндө маалымат,“Биз адам сатууга каршыбыз”,-деген темада лекция,кылмыштуулуктун алдын алуу боюнча,окуучулардын кайнатылган суу менен камсыз болушу боюнча

* Андан сырткары окуучулардын коопсуздугун сактоо боюнча милициянын лейтенанты Кимсанов Нуртилек Жаныбаевич линейкага катышып 8-11- класс окуучуларына жолдо жүрүүнүн эрежелери боюнча түшүндүрүү иштерин алып барды.

* Мектеп окуучуларынын коопсуздугун сактоо боюнча эвакуация машыгуусу уюштурулуп өткөрүлдү.

* “Ак көгүчкөн » күн жөнүндө окуучуларга маалымат берилди..3-4-класстар ортосунда“Единый час духовности”,”Голубь мира” күнүнө карата жерге сүрөт тартуу боюнча конкурс уюштурулуп өткөрүлдү.Андан сырткары 7-8-класстар арасында эмгек мугалими Умидуллаева Г. эжеке тарабынан сүрөт конкурстары уюштурулуп өткөрүлдү.Экинчи дуйнөлүк согуш жөнүндө линейкада Маьруфова Н. тарабынан доклад даярдалып окуучуларга окуп берилди .9-11-класс окуучулары арасында сүрөт мугалими Саитова С. эжеке тарабынан стенгазета конкурстары уюштурулуп өткөрүлдү.Өткөрүлгөн ар бир конкурс натыйжалары такталып орун ээлеген окуучулар мектеп администрациясы тарабынан сыйланды.

*10”а” –классында Парманова Махфуза эжеке тарабынан “Зордук-зомбулук” деген темада дебат ,9”в”-классында Абжаппарова Нигора эжеке тарабынан “Сен турмушуңдан карызсыңбы?”(суицид) доклад даярдалып окуп берилди. 9”а” –классында Режавалиева Мавлюда эжеке тарабынан “Чылым чегүүбү же ден соолукпу?”деген темада видео слайд көрсөтүлдү,

* Сары ооруусу жана брючной тифтин алдын алуу боюнча окуучуларга маалымат берилди жана жат жазуулар жаздырылды.

* 21.09 «Эл аралык тынчтыкты коргоо күнү»нө карата 8-9- класстар ортосунда дубал газеталар конкурсу уюштурулуп өткөрүлдү.Мектеп администрациясы тарабынан натыйжасы чыгарылды.Конкурска 17 окуучу катышты.

* 23-сентябрь “Кыргыз тил” майрамына карата музыкалык адабий кече жана жумалык уюштурулуп өткөрүлдү.23-сентябрь “Кыргыз тил” майрамына карата 5-7- класс окуучуларынын ортосунда дубалгазеталар конкурсу уюштурулуп өткөрүлдү.23-сентябрь “Кыргыз тил” майрамына карата кыргыз тили жана адабияты мугалими Каххарова Гулмира тарабынан бурч уюштурулду.23-сентябрь “Кыргыз тил” майрамына карата “Тил өмүрү –эл өмүрү ”деген темада музыкалык адабий кече уюштурулуп өткөрүлдү.Кыргыз тили мугалими Алимжан кызы Айганыш эжеке 6-7 –класс окуучуларынын арасынан манасчыларды жана кыргыз тил тарыхы боюнча слайдды,Каххарова Гулмира эжеке 9-11-класс окуучуларынын арасынан бийди,Эргешова Дилдора эжеке 8-класстар арасынан көркөм окууну жана 3-4-класстар арасынан макал лакаптарды,Мусурапжан кызы Муаззам 3-класс окуучуларынын обондуу ырларын даярдашып өткөрүштү.

*1-октябрь “Карыяларды кадырлоо” жана бул дүйнөдөн көз жумган устат мугалимдер үчүн парламент мүчөлөрү тарабынан видео слайдтар даярдалып көрсөтүлдү.

*5-октябрь “Мугалимдер күнүнө” карата окуучулар тарабынан дубал газеталар чыгарылды.Мектеп парламенти тарабынан ар бир мугалим үчүн открыткалар даярдалып тапшырылды. Андан сырткары мугалимдер үчүн учкул сөздөр ,майрамдык тамашалар слайд аркылуу көрсөтүлдү.

1.31.10.17 күнү саат 14:00 до мектепте “Активдүү ата-эне -ийгиликтүү” деген темада ачык эшиктер күнү өткөрүлдү.Ачык эшиктер күнүнө Ноокен РББ дан  Ташиева Айгерим эже жана Рахматова Нургул эже,айылдык кеңеш депутаттарынан Моминов Рашиджон,Норбаев Мамиржон,маала комитеттери жана ата-энелер катышышты.Ачык эшиктер күнүнө карата программа түзүлдү . Ачык эшиктер күнүнө карата мектеп тегерегинде 5-7-класстардын  жардамы менен ишембилик уюштурулду.Күнгө карата мектеп ичинде коридорлор жана кабинеттер   башталгыч класс мугалими Мусурапжан к.Муаззам жана мектеп депутаттары тарабынан жасалгаланды.1-сабак :«1-ноябрь День милиции» күнүнө карата 2”а”-класс мугалими Мирзакулова Шахноза Мухтаржановна “Милиция нас бережет” деген темада викторина өткөрдү.Сабак  баштардын  алдында Ноокен районундагы милиция кызматкерлерине белек катары капитан Шамиева Нургул Заипбековнадан алынган интервью видео слайд аркылуу көрсөтүлдү.Андан кийин музыкалык адабий кече өткөрүлдү.Сабак акырында  класс эки тайпага бөлүнүп майрамга карата түзүлгөн сүроо- жооптор аркылуу викторина аякталды.Сабак бүтөрүндө мектеп директору П.М.Саримсаков милиция кызматкерлерин бүгүнкү майрам менен  куттуктап , милиция капитаны Шамиева Н.З үчүн даярдалган ыраазычылык каты тапшырылды. 2-сабак:«Что?Где?Когда?» деп аталган КВН 3”а” жана 3”б” –класстар арасында Тажибаева Дилбархон Махкамовна тарабынан уюштурулуп өткөрүлдү.Окуучулардын ой жүгүртүүсүн кеңейтүү  максатында суроолор логикалык жана предметтик суроолор түзүлүп видео слайд аркылуу көрсөтүлдү.Конкурс аягында жеңүүчү класс аныкталып ата-энелер тарабынан уюштурулган белектер тапшырылды.3-сабак:“Праздник урожая ” деп аталган музыкалык адабий кече 4”а”-классында Абдуллаева Муяссархон Иминжановна тарабынан  уюштурулуп өткөрүлдү.Музыкалык компазиция менен башталды.Окуучуулар тарабынан мөмө жемиштерге  арналган көрком окуулар ,обондуу ырлар,табышмактар,макал-ылакаптар,жаңылмачтар айтылды.4-сабак: 9-11 –класстар арасынан түзүлгөн  эки группа  бир- бирлери менен “Мени  таный аласыңбы?” деп аталган мелдеш  химия мугалими Абдужаппарова Нигора эжеке тарабынан уюштурулуп өткөрүлдү.Окуучулар төмөнкү шарттар саламдашуу,суроо –жооп,макал ылакаптар,фантомима,кинодон көрүнүш,музыкалык аспаптарды табуу менен күч сынашты.«Юксак кадамлар сари!!!» деп аталган    музыкалык фото слайд информатика мугалими Режавалиева М.Р тарабынан даярдалып келген коноктор үчүн көрсөтүлдү.

* 13.11.17 -куну «Аялдарды коргоо борборунан» директору:Досалиева Бакен Абыловна Сотрудник : Токтосунова Айгерим  тарабынан  «Эрте нике куруу» боюнча семинар тренинг  өткөрүлдү.Семинарга 8-11-класс окуучулары жана класс жетекчилер катышты.

* Мектептер арасында уюштурулган “Ыйман, адеп жана маданият жылына”карата өткөрүрүлгөн эстафетада 1-орунду ээлегендиги үчүн   10 а“ класс окуучусу Хамракулов Жасурбек сыйланди.

* Мектептер арасында өткөрүлгөн “Тынчтыкты коргоо-ар бирибиздин колубузда”темасындагы сүрөт конкурсунда 9 “в” класс окуучусу Аскаров Нурсултан 1-орунду ээледи.

*Класс жетекчилердин биринчи кеңешмеси өткөрүлдү.Кун тартибине коюлган маселелер чечилди.Керектүү сунуштар берилди.

*Ар айдын 15 де окуучулардын коопсуздугун сактоо боюнча эвакуация машыгуусун уюштуруп өткөрдүк.

